**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ФИЗИКА ЖАНА ЭЛЕКТРОНИКА ФАКУЛЬТЕТИ**

# Физиканы окутуунун технологиялары жана табият таануу (ФОТжТТ) кафедрасынын 2023-2028 жылдары үчүн өнүктүрүүнүн перспективдүү планы

***Кафедранын миссиясы.*** Республикадагы физикалык билим берүүнү максималдуу бийик деңгээлге көтөрүү максатында психолого-педагогикалык илимдерди өндүрүү, жалпы адамзаттык жана этнопедагогикалык баалуулуктардын негизинде таалим – тарбиянын заманбап технологияларын өнүктүрүү.

Билим берүү системасын модернизациялоонун азыркы этабында мамлекеттик билим берүү саясатынын приоритеттүү багыттары болуп үзгүлтүксүз кесиптик билим берүүнүн заманбап системасын өнүктүрүү, кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, ошондой эле билим берүүнүн инвестициялык жарамдуулугун жогорулатуу эсептелет.

ФОТжТТ кафедрасынын билим берүү тармагындагы концепциясы - эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, тиешелүү деңгээлдеги жана профилдеги квалификациялык жактан компетенттүү, жоопкерчиликтүү, өз кесибин жакшы билген жана ага байланышкан иш чөйрөлөрүндө багыт алган, өз адистиги боюнча дүйнөлүк стандарттын деңгээлинде натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, туруктуу кесиптик өсүүгө, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүккө даяр, тиешелүү билим алууда жеке муктаждыктарын канааттандырууга даярдоо менен аныкталат.

***Кафедранын өнүгүү концепциясын ишке ашыруунун негизги элементтери болуп төмөнкүлөр саналат:***

1) кафедранын потенциалын өнүктүрүү, анын ичинде кафедранын билим берүү программалары, профилдери жана кошумча кесиптик билим берүү программалары үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жаатында анын мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу;

2) социалдык багыттагы рынок экономикасынын актуалдуу проблемаларын чечүүгө багытталган илимий изилдөөлөрдү уюштурууга жана жүргүзүүгө кафедранын катышуусун кеңейтүү (долбоорлорду, стартаптарды даярдоо);

3) окутуунун инновациялык формаларын жана ыкмаларын колдонуу, жаңы билим берүү технологияларын киргизүү, окуучулардын билимди өз алдынча алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу;

4) педагогикалык кадрларды даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатуу максатында кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын чыгармачылык жана илим изилдөө иштердин сапатын жогорулатуу;

5) педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо эл аралык тажрыйбаны колдонуу;

*6)* физиканын окутуунун теориясы жана методикасы, педагогика илиминин ар кандай тармактары боюнча илимдин кандидаттарын, докторлорун, PhD илимдеринин докторлорун даярдоо программасын өркүндөтүү.

***ФОТжТТ кафедрасынын таалим-тарбия берүү боюнча ишмердүүлүгүнүн негизги максаты***

- 550400 «Физика” (бакалавр), 510402 - “Орто мектепте жана жогорку окуу жайларында физиканы окутуунун теориясы” (магистр) багыттары боюнча орто мектепте, башталгыч, атайын орто жана жогрку кесиптик билим берүүчү окуу жайларда табият таанууну, физиканы, астрономияны окутуучу квалификациялуу адистерди даярдоо.
- тиешелүү тармактардагы жогорку квалификациялуу адистерге болгон керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн кафедранын профилине ылайык кошумча билим берүү кызматтарынын чөйрөсүн кеңейтүү.

***Көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн кафедра өзүнүн ишмердүүлүгүндө төмөнкү милдеттерди аныктайт:***

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын сапатын жогорулатуу.

- кафедранын окутуучуларынын илимий даражасынын деңгээлин 70%ке жеткирүү;

- окуу процессин аткарууга, укуктук-ченемдик документтерди даярдоого, аларды иш жүзүнө ашырууга кайдыгер караган айрым окутуучулар менен атайын иштерди жургүзүү (жоопкерчиликке алып келүү же жумуштан бошотуу);

- бакалавриат жана магистратура багыттары боюнча окулуучу дисциплиналардын окуу-методикалык комплектерин толук даярдоо, аларды китеп түрүндө чыгаруу жана электрондук форматка которуу;

- потенциалдуу жумуш берүүчүлөр – билим берүүчү окуу жайлары жана илим-изилдөө мекемелери менен кызматташуунун негизинде алардын азыркы талабына жооп бере турган адистерди атайылап даярдоону камсыздоо;

- педагогдордун, студенттердин, магистранттардын мобилдүүлүгүн ишке ашыруу максатында, алардын бардыгынын чет тилдерди (англис, немис, кытай, япон ж.б.) үйрөнүүсүн мүмкүн болгон шарта ишке ашыруу;

- адистерди даярдоонун сапатын контролдоону ишке ашырууда «Иш берүүчүлөр бөлүмү» менен  эки тараптуу байланыштын мониторингин жүргүзүү, мектептердин, колледждердин жетекчилери жана адистери менен студенттердн и жолугушууларын уюштуруу, ошондой эле окуу жайларга студенттердин экскурсияларын жана уюштуруу;

- окутуучу кадрлардын квалификациясын жогорулатуу максатында республиканын жогорку окуу жайларында, ошондой эле чет өлкөлөрдүн окуу жайларында стажировкаларды уюштуруу;

- кафедранын дистанттык режимде онлайн окутуу үчүн маалыматтык-технологиялык базаны кеңейтүү;

- педагогикалык теория, технология жана практиканын байланышын чыңдоо максатында орто мектептер, кесиптик лицейлер, колледждер, жогорку окуу жайлар аралык окуу-илимий  эксперименталдык чөйрөнү түзүү;

- кафедранын багыты боюнча илимдин заманбап жетишкендиктерин жана технологиялык процесстерди курстук, квалификациялык иштерде жана магистрдик диссертацияларда чагылдыруу боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу, жекече консультацияларды өткөрүү, окуу-илимий иштерди аткарууга студенттерди, магистранттарды мотивациялап, активдештирүү.

***Илимий изилдөө ишмердүүлүгү***

Бул багыттагы иштер «Жогорку окуу жайларында жана мектептерде физиканы, астраномияны, табият таанууну окутуунун мазмунунун жана технологияларын өркүндөтүү”, “Университетте физика мугалимдерин даярдоонун психодидактикалык негиздери”, “Окуучулардын физикалык маселлекрди чыгарууга үйрөтүүнүн проблемалары” деген темалар боюнча жүргүзүлөт. Ушуга байланыштуу бул багыттагы кафедранын негизги милдеттери болуп төмөндөгү иш-чараларды ишке ашырууну активдештирүү саналат:

- сынактарга катышуу жана КР Билим берүү жана илим министрлигинен, ар кандай эл аралык уюмдардан гранттарды алуу ж.б.;
- өндүрүштүк жана коммерциялык ишканалар кардар катары иш алып барган прикладдык илимий-изилдөө иштерине катышуу;
- уюмдар жана башкаруу органдары менен келишимдер боюнча НИРди ишке ашыруу;
- биргелешкен илимий өнүктүрүү үчүн уюмдар менен чыгармачылык кызматташтык келишимдерин түзүү;
- кафедранын профилине ылайык илимий-практикалык конференцияларды, тегерек столдорду, илимий-методикалык семинар-трениндерди уюштуруу;
- студенттерди, магистранттарды илимий-иштерге активдүү катышууга даярдоо;
- аспиранттарды, изденүүчүлөрдү учурдагы педагогиканын, дидактиканын изилдөө багыттарын аныктоого жардам берүү, жетекчилик кылуу, алар менен изилдөөлөрдү жүргүзүүгө шарт түзүү;

- изилдөөнүн темалары боюнча илимий макалаларды даярдоо жана басып чыгаруу;

- кафедранын окутуу багыттарын методикалык камсыздоонун алкагында окуу китептерин, методикалык колдонмолорду даярдоо жана басып чыгаруу;

***Профессионалдык багыт берүү иштери:***

- республиканын мектептери менен биргеликте кесиптик багыт берүү иштерин улантуу;

- кесиптик багыт берүү иштерине арналган университеттин бардык иш-чараларына кафедра кызматкерлеринин катышуусу;

- кафедрада 11-класстын бүтүрүүчүлөрүн адистик багыттары менен кеңири тааныштыруу үчүн ар кандай форматтагы жолугушууларды уюштуруу.

***Материалдык-техникалык базаны чыңдоо иштери:***

- заманбап жабдуулар, мультимедиялык аспаптар ж.б. менен жабдылган окуу-изилдөөчүлүк лабораторияларды түзүү;

- астрономиялык обсерваториянын жаңыланган курулушун ишке киргизүү.

***Кафедраны өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруунун күтүлгөн натыйжалары***

Кафедранын 5 жылдык өнүгүү концепциясын ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берет:

- окуу процессин билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жана илим менен техниканын өнүгүү деңгээлинде кармап турууга;

- окуу процессин окуу китептери жана башка окуу материалдары, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылууга;

- окуу процессинин материалдык базасын модернизациялоого;

- илимий изилдөөлөрдүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу;

- кызматкерлердин илимий-педагогикалык квалификациясын жана илимий активдүүлүгүн жогорулатууга;

- кафедра кызматкерлерининин илимий ишинин натыйжаларын илимий маалымат базаларында көрсөтүүнү жана практикага киргизүү ишин жакшыртууга;

- студенттерди ар кандай стартап долбоорлорун түзүүгө багытоого.

**Кафедра башчысы, КР УИАнын**
**мүчө-коррепонденти, профессор** **Мамбетакунов Э.**